**БЕКИТЕМ**
**Кыргыз Республикасынын**
**Саламаттык сактоо министрлигинин**
**алдындагы Дары каражаттары**
**жана медициналык буюмдар**
**департаментинин директорунун**
**орун басары**
**Кысанов Т.А.** ____________________
**«20»** ____________________ **2026-ж.**

**Кошумча баракча – бейтап үчүн маалымат**

**Дапафорс®, 10 мг, жука чел кабык менен капталган таблеткалар**
Таасир берүүчү зат: дапаглифлозин

**Препаратты кабыл алуунун алдында кошумча баракчаны толугу менен окуп чыгыңыз, анткени анда сиз үчүн маанилүү маалымат камтылган.**
Кошумча баракчаны сактап коюңуз. Сизге ал кайра окуп чыгууга керек болушу мүмкүн.
Эгерде сизде кошумча суроолор пайда болсо, анда дарылоочу дарыгерге кайрылыңыз.
Препарат сизге гана дайындалган. Аны башка адамдарга бербеңиз. Оорунун белгилери сиздикине дал келсе дагы, препарат аларга зыян келтириши мүмкүн.
Эгерде сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар пайда болсо, дарылоочу дарыгериңизге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз. Бул сунуш ар кандай мүмкүн болгон жагымсыз реакцияларга, анын ичинде кошумча баракчанын 4-бөлүмүндө саналбагандарга да тиешелүү.

**Кошумча баракчанын мазмуну**
1. Дапафорс® препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат.
2. Дапафорс® препаратын кабыл алуунун алдында эмнени билүү керек.
3. Дапафорс® препаратын кабыл алуу.
4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар.
5. Дапафорс® препаратың сактоо.
6. Таңгактын курамы жана башка маалыматтар.

## 1. Дапафорс® препараты деген эмне жана ал эмне үчүн колдонулат

Дапафорс® препараты «кант диабетин дарылоо үчүн каражаттар; гипогликемиялык каражаттар, инсулинден башка; 2-типтеги глюкозанын натрийге көз каранды ташуунун басандоочулары» фармадарылык тобуна кирет жана – дапаглифлозин таасир берүүчү затын камтыйт. Ал бөйрөктөрдө 2-типтеги глюкозаны ташуучу натрийге көз каранды ташуучуларды бөгөттөө менен иштейт (SGLT2 белогу). Организмде бул белок бөгөттөлгөндө, организмден заара менен кант (глюкоза), туз (натрий) жана суу чыгат.

**Колдонууга көрсөтмөлөр**
Дапафорс® препараты 18 жаштан башталган чоңдордо кийинки ооруларды дарылоо үчүн көрсөтүлгөн:

- гликемиялык көзөмөлдү жакшыртуу үчүн диетага жана физикалык көнүгүүлөргө кошумча катары 2-типтеги кант диабетин дарылоо үчүн:
  - монотерапия катарында, көтөрүмсүздүк болгондуктан метформинди кабыл алуу мүмкүн эмес болгондо;
  - метформин менен, сульфонилмочевинанын туундулары менен айкалыш дарылоодо (анын ичинде, метформин менен айкалыш), тиазолидиндиондор менен, дипептидилпептидаза-4 басаңдоочулары менен (ДПП-4) (анын ичинде, метформин менен айкалыш), глюкагон өңдүү полипептид-1 рецепторлорунун агонисти менен (ГПП-1), метформин менен, инсулин препараттары менен айкалышта пролонгирленген таасирдеги глюкагон өңдүү полипептид-1 рецепторлорунун агонисти (ГӨП-1) эксенатид менен (анын ичинде, пероралдуу кабыл алуу үчүн же эки гипогликемиялык препараттар менен айкалыш) бул дарылоого адекваттуу гликемиялык көзөмөл жок болгондо;
  - метформин менен баштапкы айкалышкан дарылоодо, бул дарылоо максатка жараша болгон учурда;
- жүрөк жетишсиздиги боюнча госпитализация коркунучун азайтуу үчүн жүрөк-кан тамыр оорусунун диагнозу же жүрөк-кан тамыр коркунучунун эки же андан ашык факторлору аныкталган бейтаптардагы 2-типтеги кант диабети*.

* эркектердеги $\geq 55$ же аялдардагы $\geq 60$ жашка чейинки жаш курак жана коркуноч факторунун бар болушу: дислипидемия, артериалдык гипертензия, тамеки чегүү.

Эгер жакшыруу болбосо же сиз начарлоону сезсеңиз, дарыгерге кайрылыңыз.

## 2. Дапафорс® препаратын кабыл алуунун алдында эмнени билүү керек

**Каршы көрсөтмөлөр**

Эгерде сизде дапаглифлозинге же препараттын башка курамдык бөлүктөрүнө аллергияңыз бар болсо (кошумча баракчанын 6-бөлүмүндө аталгандар), Дапафорс® препаратын кабыл албаңыз.

**Өзгөчө көрсөтмөлөр жана сактык чаралары**

Дапафорс® препаратын кабыл алуунун алдында дарылоочу дарыгериңиз менен кеңешиңиз.

**Төмөнкү учурларда дарыгерге же жакынкы медициналык мекемеге кайрылыңыз**

Диабетикалык кетоацидоз

Эгер сизде кант диабети бар болсо жана өзүңдү жаман сезүү, жүрөк айлануу, кусуу, ич оору, ашыкча чаңкоо, тез жана терең дем алуу, эс тутумдун чаташуусу, адаттагыдай эмес уйкучулук же чарчоо сезими, жемиш жыты же ооздон чыккан ацетондун жыты, ооздогу таттуу же металлдык даам, же кадимкиден айырмаланган зааранын же тердин жыты, же салмакты тез жоготуу пайда болсо, анда көрсөтүлгөн симптомдор «диабетикалык кетоацидоздун» өрчүшүнүн белгилери болушу мүмкүн – сейрек, бирок олуттуу, кээде өмүргө коркунуч жаратуучу абал. Бул абал кант диабетинде заарада же канда «кетон денелеринин» концентрациясынын жогорулашынан келип чыгат (лабораториялык изилдөөлөрдө аныкталган).

Диабетикалык кетоацидоздун өрчүү коркунучу узак мөөнөттүү ачка болууда же алкоголду

ашыкча колдонууда, суусуздануу да, инсулиндин дозасын кескин төмөндөшүндө же ири хирургиялык кийлигишүү же оорунун оор натыйжасында инсулинге талап жогору болгондо жогорулайт.

Дапафорс® препараты менен дарылоодо канда канттын (глюкозанын) нормалдуу концентрациясы болсо дагы диабетикалык кетоацидоз өрчүйт.

Эгер сизде диабетикалык кетоацидоз бар деп күмөн санасаңыз, дарыгерге же жакынкы медициналык мекемеге кайрылыңыз жана бул препаратты кабыл албаңыз.

Чаттын некроздоштуруучу фасциити

Эгерде сизде кийинки симптомдор пайда болсо, дароо дарыгерге кайрылыңыз: ооруксунуу, жогорку сезгичтик, кызаруу, калтыратма менен же өзүңдү жалпы жаман сезүү менен коштолгон гениталий же генталий жана анустун ортосундагы шишимиги. Бул симптомдор сейрек, бирок олуттуу жана өмүргө коркунучтуу инфекциялардын белгилери болшушу мүмкүн, тери астындагы жумшак ткандарды бузуучу чаттын некроздоштуруучу фасциити же Фурнье гангренасы деп аталат.

**Дапафорс® препаратын кабыл алуунун алдында дарылоочу дарыгерге билдириңиз:**

- эгер сизде 1-типеги кант диабети бар болсо – организмде инсулин иштелип чыкпай турган оору, көбүнчө ал жаш куракта башталат. Дапафорс® препаратын мындай типтеги кант диабетинде кабыл алууга болбойт;
- эгер сизде кант диабети жана бөйрөк функциясынын бузулуулары болсо – дарыгер сизге кандагы канттын (глюкозанын) концентрациясын көзөмөлдөө үчүн кошумча же башка дары препаратын сунушташы мүмкүн;
- эгер сизде боор функциясынын бузулуулары болсо – дарыгер сизге препараттын төмөн дозасын дайындашы мүмкүн;
- эгер сиз артериялык кан басымды төмөндөтүү үчүн дары препараттарды кабыл алып жатсаңыз (гипотензивдик препараттар), анын ичинде заара айдоочу препараттарды (диуретиктерди), ошондой эле сизде анамнезде төмөн артериялык кан басым учурлары болгон болсо (артериалдык гипотензия). Тагыраак маалымат төмөндө «Башка препараттар жана Дапафорс® препараты» бөлүмүндө келтирилген;
- эгер сизде канда канттын (глюкозанын) концентрациясы өтө жогору болсо, абдан көп суюктукту жоготууга алып келиши мүмкүн (суусуздануу). Суусуздануунун мүмкүн болгон белгилери кошумча баракчанын 4-бөлүмүндө келтирилген. Эгерде сизде бул белгилердин кайсы бири болсо, Дапафорс® препаратын кабыл алууну баштаганга чейин дарылоочу дарыгериңизге билдириңиз;
- эгер сизде өзүңүздү жаман сезүү, жүрөк айлануу, кусуу, дененин ысышы болсо же сиз жей албасаңыз же иче албасаңыз. Бул абалдар суусуздануну пайда кылышы мүмкүн. Мындай учурда сиздин дарыгериңиз суусуздануну алдын алуу үчүн айыкканга чейин препаратты кабыл алуунун токтотууну сунушташы мүмкүн;
- эгер сизде заара чыгаруу жолдорунун инфекциялары тез-тез пайда болсо.

Эгерде жогоруда саналгандардын кайсы бири сизге тиешелүү болсо, анда Дапафорс® препаратын кабыл алууну баштаганга чейин бул тууралуу дарылоочу дарыгерге билдириңиз.

Кант диабети жана бутка кам көрүү

Эгер сизде кант диабети болсо, бутка кам көрүү боюнча дарылоочу дарыгердин кеңештерин кармануу маанилүү жана алардын абалынын кылдат көзөмөлү керек.

Заарадагы кант (глюкоза)
Дапафорс® препаратынын таасир берүү механизминин натыйжасында сизде заараның анализинде кант (глюкоза) аныкталат.
Кычыткы гениталдык инфекциялар
Дапафорс® препараты кындын же жыныс мүчөсүнүн кычыткы инфекцияларынын өрчүү коркунучун жогорулатат, өзгөчө сизде мурда мындай инфекция болгон болсо. Эгер сизде мындай инфекциялар көп кездешсе, дарылоочу дарыгер менен кеңешиңиз.

**Балдар жана өспүрүмдөр**
Бүгүнкү күндөгү клиникалык маалыматтар дозалоо режими боюнча сунуштарды берүүгө жол бербейт.

**Башка препараттар жана Дапафорс® препараты**
Сиз дарылоочу дарыгериңизге эмне кабыл алып жатканыңызды, жакында кабыл алганыңызды же башка кайсы бир препараттарды кабыл алып башташыңыз мүмкүн экендиги тууралуу билдириңиз.
Сөзсүз дарыгерге билдириңиз, эгерде сиз төмөнкүлөрдү кабыл алып жатсаңыз:
- заара чыгаруучу препараттар (диуретиктер) – сууну организмден бөлүп чыгарат;
- кандагы канттын (глюкозанын) концентрациясын төмөндөтүүчү башка препараттар, мисалы, инсулин же сульфонилмочевинанын туундусу. Сиздин дарыгериңиз бул препараттардын дозасын кандагы канттын (глюкозанын) концентрациясынын ашыкча төмөндөшүн алдын алуу үчүн (гипогликемия) азайтышы мүмкүн;
- литий препараттары (психиатрияда колдонулат), анткени Дапафорс® препаратын кабыл алууда канда литийдин концентрациясы төмөндөшү мүмкүн.

**Кош бойлуулук, эмчек эмизүү жана фертилдүүлүк**
Эгерде сиз кош бойлуу же бала эмизген болсоңуз, кош бойлуу болушум мүмкүн деп ойлосоңуз же кош бойлуулукту пландаштырып жатсаңыз, бул препаратты кабыл алуунун алдында дарылоочу дарыгериңиз менен же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз.
Кош бойлуулук
Эгер сиз кош бойлуу болуп калсаңыз, Дапафорс® препаратын кабыл албаңыз (препаратты кош бойлуулуктун экинчи жана үчүнчү үч айларында кабыл алуу сунушталбайт). Кош бойлуулук тастыкталса дапаглифлозин менен дарылоону токтотуу керек.
Эмчек эмизүү
Эгер сиз эмчек эмизсеңиз Дапафорс® препаратын кабыл албаңыз. Бул препараттын эмчек сүтүнө өтүшү белгисиз. Эгер сиз эмчек эмизүүнү пландаштырсаңыз же эмчек эмизип жатсаңыз, бул препаратты кабыл алуунун алдында дарыгер менен кеңешиңиз.
Фертилдүүлүк
Дапаглифлозиндин адамдын фертилдүүлүгүнө таасири изилденген эмес.
Келемиштердин ургаачы жана эркектеринде дапаглифлозин фертилдүүлүккө таасирин тийгизген эмес.

**Унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдер менен иштөө**
Дапаглифлозиндин унаа каражаттарын башкаруу жана механизмдер менен иштөө жөндөмдүүлүгүнө таасири боюнча изилдөөлөр жүргүзүлгөн эмес.

**Дапафорс® препараты лактоза моногидратты камтыйт**

Эгер сизде кээ бир канттарды көтөрө албастык болсо, бул дары препаратын кабыл алуунун алдында дарылоочу дарыгерге кайрылыңыз.

**Дапафорс® препараты натрийди камтыйт**

Дапафорс® препараты 1 таблеткада 1 ммоль (23 мг) азыраак натрийди камтыйт, демек натрийди дээрлик камтыбайт.

## 3. Дапафорс® препаратын кабыл алуу

Препаратты дайыма дарыгердин сунуштарына ылайык кабыл алыңыз. Эгерде шектенүүлөр пайда болсо, дарылоочу дарыгер же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз.

**Сунушталган доза**

2-типтеги кант диабети

*Монотерапия:* препараттын сунушталган дозасы суткасына бир жолу 10 мг түзөт.

*Айкалышкан дарылоо:* препараттын сунушталган дозасы суткасына бир жолу 10 мг түзөт.

*Метформин менен баштапкы айкалышкан дарылоо:* препараттын сунушталган дозасы суткасына бир жолу 10 мг түзөт, метформиндин дозасы – суткасына бир жолу 500 мг түзөт. Адекваттуу эмес гликемиялык көзөмөл учурунда метформиндин дозасын көбөйтүү керек.

*Жүрөк-кан тамыр оорусу же жүрөк-кан тамыр коркунучунун эки же андан ашык факторлору аныкталган бейтаптардагы 2-типтеги кант диабети, жүрөк жетишсиздиги боюнча госпитализация коркунучун азайтуу үчүн:* препараттын сунушталган дозасы суткасына бир жолу 10 мг түзөт.

Эгер сизде боор көйгөйлөрү бар болсо, дарыгер сизге 5 мг дозадагы препаратты дайындашы мүмкүн (Дапафорс® 10 мг препаратынын ½ таблеткасы).

**Колдонуу жолу жана (же) ыкмасы**

Дапафорс® препаратын чайнабастан жана майдалабастан аркасынан жарым стакан суу менен ичип кабыл алуу керек. Препаратты тамактануудан көз карандысыз күндүн каалаган убагында кабыл алууга болот.

Таблетканы тең дозага бөлүүгө болот.

Диета жана физикалык көнүгүүлөр сиздин организмге кандагы камтылган кантты жакшыраак колдонууга жардам берет. Эгер сизде кант диабети болсо, Дапафорс® препаратын кабыл алуу учурунда сиздин дарылоочу дарыгериңиз сунуштаган диетаны сактоо жана физикалык көнүгүүлөрдү жасоо маанилүү экендигин айтат.

**Дарылоо узактыгы**

Препаратты кабыл алууну сиздин дарыгериңиз канча дайындаса ошончо улантыңыз.

**Эгерде сиз Дапафорс® препаратын керектегенден көбүрөөк кабыл алган болсоңуз**

Шашылыш дарыгерге кайрылыңыз. Өзүңүз менен препараттын таңгагын алып алыңыз.

**Эгерде сиз Дапафорс® препаратын кабыл алууну унутуп калсаңыз**

Эгер сиз препаратты кабыл алууну унутуп калсаңыз, андан аркы тактика кийинки дозага

канча убакыт калганынан көз каранды:

- эгер кийинки дозага 12 саат же андан ашык убакыт калса, препараттын кабыл алынбай калган дозасын эстээриңиз менен кабыл алыңыз. Андан кийин кийинки дозаны кадимки убагында кабыл алыңыз;
- эгер кийинки дозага 12 сааттан аз убакыт калса, калып калган дозаны кабыл албаңыз. Андан кийин кийинки дозаны кадимки убагында кабыл алыңыз.

Кабыл алынбай калган дозанын ордун толтуруу үчүн препараттын эки эселенген дозасын кабыл албаңыз.

**Эгерде сиз Дапафорс® препаратын кабыл алууну токтотсоңуз**

Препаратты кабыл алууну дарылоочу дарыгердин кеңеши жок токтотпоңуз. Эгер сизде кант диабети болсо, анда бул препаратты кабыл албасаңыз сизде кандагы канттын (глюкозанын) концентрациясы жогорулашы мүмкүн.

Препаратты кабыл алуу боюнча суроолор бар болсо, дарылоочу дарыгерге же дарыкана кызматкерине кайрылыңыз.

## 4. Мүмкүн болгон жагымсыз реакциялар

Бардык дары препараттары сыяктуу эле, Дапафорс® препараты жагымсыз реакцияларды пайда кылышы мүмкүн, бирок алар баарында эле боло бербейт.

**Дапафорс® препаратын кабыл алууну токтотуңуз жана жакынкы медициналык мекеменин медициналык жардамына кайрылыңыз, эгерде сизде төмөндө келтирилген олуттуу жагымсыз реакциялардын кайсы бири пайда болсо.**

**Тез-тез** (10 адамдын ичинен 1 ден ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн):

- калтыратма жана (же) чыйрыгуу, заара чыгарууда ачышуу сезими, белдеги же капталдагы ооруксунуу – бул **заара чыгаруу жолдорунун** оор **инфекцияларынын** белгилери.

**Сейрек** (1000 адамдын ичинен 1 ден ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн):

- заарада же канда «кетон денелеринин» жогорку концентрациясы, өзүңдү жаман сезүү, жүрөк айлануу, ич оору, ашыкча чаңкоо, тез жана терең дем алуу, эс тутумдун чаташуусу, өзгөчө уйку келүү же чарчоо, жемиш жыты же ооздон чыккан ацетондун жыты, ооздогу таттуу же металлдык даам же кадимкиден айырмаланган зааранын жана тердин жыты, салмактын тез төмөндөшү – бул симптомдор **диабетикалык кетоацидоздун** белгилери (кошумча баракчанын 2- «Өзгөчө көрсөтмөлөр жана сактык чаралары» бөлүмчөсүн караңыз). Бул абал кандагы канттын (глюкозанын) концентрациясынан көз карандысыз пайда болушу мүмкүн. Сиздин дарылоочу дарыгериңиз бул препарат менен дарылоону убактылуу же толук токтотуу тууралуу чечимди кабыл алышы мүмкүн.

**Өтө сейрек** (10 000 адамдын ичинен 1 ден ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн):

- беттин, тилдин же тамактын шишимиги, жутуудагы кыйындык, бөрү жатыш жана дем алуу көйгөйлөрү – бул **ангионевротикалык шишимиктин** белгилери;
- гениталий жумшак ткандарынын же гениталий жана анустун ортосундагы олуттуу инфекция – **чаттын некроздоштуруучу фасциити же Фурнье гангренасы**.

Эгер сизде кандагы канттын (глюкозанын) концентрациясы төмөндөсө, дарыгерге

кайрылыңыз **(гипогликемия)**

Бул абал препаратты сульфонилмочевинанын туундулары же инсулин менен айкалышта кабыл алган кант диабети бар бейтаптарда өтө тез-тез пайда болот (10 адамдын ичинен 1 ден ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн).

Бул абалдын белгилери кийинкилер болушу мүмкүн:

- титирөө, тердөө, катуу тынчсыздануу сезими, жүрөктүн тез согушу;
- ачкалык сезими, баш оору, көрүүнүн бузулушу;
- маанайдын бузулушу же эс тутумдун чаташуусу.

Эгер сизде жогоруда саналган белгилердин кайсы бири пайда болсо, дарылоочу дарыгер сизге эмне кылуу керектигин айтат.

**Дапафорс® препаратын кабыл алууда байкалуучу башка жагымсыз реакциялар**

**Тез – тез** (10 адамдын ичинен 1 ден ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн):

- кындын жана сырткы жыныс органдарынын сезгенүүсү (вульвовагинит), жыныс мүчөнүн башынын сезгенүүсү (баланит) жана алар менен байланышкан гениталдык инфекция, белгилери болушу мүмкүн: дүүлүгүү, кычышуу, өзгөчө агындылар же жыт;
- тери бөртмөсү;
- баш айлануу;
- белдеги ооруксунуу;
- зааранын кадимкиден көп бөлүнүшү, тез-тез заара чыгаруу менен (полиурия);
- ооруксунган заара чыгаруу (дизурия);
- кандагы липиддердин нормалдуу катышынын бузулуулары (дислипидемия);
- гематокриттин жогорулашы;
- дарылоонун башында креатининдин бөйрөк клиренсинин төмөндөшү.

**Көп эмес** (100 адамдын ичинен 1 ден ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн):

- кычыткы инфекциялык оорулары;
- гениталий жактагы кычышуу (вульвовагиналдык кычышуу, гениталдык кычышуу);
- организмдин өтө көп суюктукту жоготушу (суусуздануу). Бул абалдардын белгилери болушу мүмкүн: ооздун кургашы, зааранын аз бөлүнүшү же заара бөлүнүп чыкпайт, жүрөктүн тез-тез согушу;
- суусоо;
- ич катуу;
- түн ичинде заара кылуу (никтурия);
- ооздун кургашы;
- дарылоонун башында кандагы креатининдин концентрациясынын жогорулашы;
- кандагы мочевинанын концентрациясынын жогорулашы;
- дене салмагынын төмөндөшү.

**Өтө сейрек** (10 000 адамдын ичинен 1 ден ашык эмес адамда пайда болушу мүмкүн):

- бөйрөктөрдүн сезгенүү оорусу (тубулоинтерстициалдык нефрит).

**Жагымсыз реакциялар жөнүндө билдирүүлөр**

Эгерде сизде кандайдыр бир жагымсыз реакциялар пайда болсо, дарыгер же дарыкана кызматкери менен кеңешиңиз. Бул сунуш бардык мүмкүн болгон жагымсыз реакцияларга,

ошону менен катар кошумча баракчада саналбагандарга дагы жайылтылат.
Сиз ошондой эле, Евразия экономикалык биргилине мүчө мамлекеттердин аймагында аныкталган дары каражаттарынын натыйжасыздыгы тууралуу билдирүүлөрдү кошуп, дары препараттардын жагымсыз реакциялары (таасирлери) боюнча маалыматтардын маалыматтык базасына жагымсыз реакциялар тууралуу билдирсеңиз болот. Жагымсыз реакциялар жөнүндө кабарлоо менен, сиз препараттын коопсуздугу жөнүндө көбүрөөк билүүгө жардам бересиз.

*Россия Федерациясы*
109012, Москва ш., Славянск аянты, 4-үй, 1-курулуш
Саламаттык сактоону көзөмөлдөө боюнча федералдык кызмат
Телефону: +7 (800) 550 99 03
Эл. почтанын дареги: pharm@roszdravnadzor.gov.ru
Веб-сайты: https://roszdravnadzor.gov.ru

*Беларусь Республикасы*
220037, Минск ш., Товарищеский туюк көч., 2а үй
«Саламаттык сактоодогу экспертизалар жана сыноолор борбору» УИ
Телефону: +375 (17) 242 00 29
Факс: +375 (17) 242 00 29
Эл. почтанын дареги: rcpl@rceth.by
Веб-сайты: www.rceth.by

*Казакстан Республикасы*
010000, Астана ш., Байконур району, А. Иманов көч., 13-үй, «Нурсаулет 2» ББ
Казакстан Республикасынын Саламаттык сактоо министрлигинин медициналык жана фармацевтикалык көзөмөл комитетинин «Дары каражаттарды жана медициналык буюмдарды экспертизалоонун Улуттук борбору» Чарба жүргүзүү укугундагы Республикалык мамлекеттик ишканасы
Телефону: + 7 7172 235 135
Эл. почтанын дареги: farm@dari.kz
Веб-сайты: www.ndda.kz

*Армения Республикасы*
0051, Ереван ш., Комитас проспектиси, 49/5 үй
«Дарыларды жана медициналык технологияларды экспертизалоонун борбору»
Телефону: +374 60 83 00 73
Эл. почтанын дареги: info@ampra.am, vigilance@pharm.am, letters@pharm.am
Веб-сайты: http://www.pharm.am

*Кыргыз Республикасы*
720044, Чүй областы, Бишкек ш., 3-Линия көч., 25-үй
Дары каражаттары жана медициналык буюмдар департаменти
Телефону: + 96 (312) 21 92 86
Эл. почтанын дареги: dlsmi@pharm.kg

Веб-сайты: www.pharm.kg

## 5. Дапафорс® препаратын сактоо

Препаратты бала көрө албагыдай кылып, бала жетпеген жерде сактаңыз.
Таңгакта «…чейин жарактуу» деген сөздөн кийин көрсөтүлгөн жарактуулук мөөнөтү (сактоо мөөнөтү) өткөндөн кийин препаратты кабыл алууга болбойт.
Жарактуулук мөөнөтү ошол айдын акыркы күнү болуп саналат.
Дары препараты сактоонун атайын шарттарын талап кылбайт.
Препаратты канализацияга (суу түтүкчөсүнө) таштабаңыз. Дарыкана кызматкеринен кереги тийбей калган препаратты кантип утилизациялоону (жок кылууну) сураңыз. Бул чаралар айлана-чөйрөнү коргоого жардам берет.

## 6. Таңгактын курамы жана башка маалыматтар

**Дапафорс® препаратынын курамы**

Таасир берүүчү зат болуп дапаглифлозин саналат.
Ар бир таблетка 10 мг дапаглифлозинди камтыйт.
Башка ингредиенттер (көмөкчү заттар) болуп кийинкилер саналат: микрокристаллдуу целлюлоза (101 тиби), микрокристаллдуу целлюлоза (102 тиби), моногидрат лактозасы, гидроксипропилцеллюлоза, кросповидон, натрий стеарилфумараты, жука чел кабык пайда кылуучу аралашма (поливинил спирти, макрогол 3350, титан диоксиди (E171), тальк), темир оксид сары боёгу (E172). Кошумча баракчанын 2-бөлүмүн караңыз («Дапафорс® препараты лактоза моногидратты камтыйт» жана «Дапафорс® препараты натрийди камтыйт» бөлүмчөлөрү).

**Дапафорс® препаратынын тышкы көрүнүшү жана таңгактын курамы**

Жука чел кабык менен капталган таблеткалар.
Сүйрү, эки тарабы дөмпөйгөн, ачык күрөң-сары түстөгү, бир тарабында экиге бөлүүчү сызыгы бар жука чел кабык менен капталган таблеткалар. Экиге бөлүүчү сызыктын бир тарабында «1» маркировкасы жана экиге бөлүүчү сызыктын экинчи тарабында «0» маркировкасы менен.
Таблетканы тең дозага бөлүүгө болот.
ОПА/Ал/ПВХ жана алюминий фольгадан жасалган блистерде 10, 14 же 15 таблеткадан.
3, 6, 9 же 10 блистер (10 таблеткадан), же 1, 2, 4 же 7 блистер (14 таблеткадан), же 2, 4 же 6 блистер (15 таблеткадан) кошумча баракча менен бирге картон кутуга салынган.
Бардык таңгак өлчөмдөрү сатууда болбошу мүмкүн.

**Каттоо күбөлүгүнүн ээси жана өндүрүүчү**

«КРКА, д.д., Ново место» АК / KRKA, d.d., Novo mesto
Шмарьешка цеста 6, 8501 Ново место, Словения / Smarjeska cesta 6, 8501 Novo mesto, Slovenia

**Препарат жөнүндө ар кандай маалымат алуу үчүн, ошондой эле дооматтар келип чыккан учурларда, каттоо күбөлүгүнүн ээсинин өкүлүнө же каттоо күбөлүгүнүн ээсине кайрылуу керек.**

*Россия Федерациясы*
«КРКА-РУС» ЖЧК
143500, Москва обл., Истра ш., Москва көч., 50-үй
Телефону: +7 (495) 994 70 70
Факс: +7 (495) 994 70 78
Эл. почтанын дареги: krka-rus@krka.biz

*Беларусь Республикасы*
Беларусь Республикасындагы «KRKA, tovarna zdravil, d.d., Novo mesto» (Словения Республикасы) Акционердик коомунун өкүлчүлүгү
220114, Минск ш., Филимонов көч., 25Г үй, 315-кеңсе
Телефону: 8 740 740 9230
Факс: 8 740 740 9230
Эл. почтанын дареги: info.by@krka.biz

*Казакстан Республикасы*
«КРКА Казакстан» ЖЧШ
050040, Алма-Ата ш., КОКТЕМ-1 кичи району, 15А үйү, 601-кеңсе
Телефону: + 7 (727) 311 08 09
Эл. почтанын дареги: info.kz@krka.biz

*Армения Республикасы*
Армения Республикасында «Крка, д.д., Ново место» өкүлчүлүгү
0001, Ереван ш., Налбандян көч., 106/1 үй («САЯТ-НОВА» БИЗНЕС-БОРБОРУ), 103-кеңсе
Телефону: + 374 11 560011
Эл. почтанын дареги: info.am@krka.biz

*Кыргыз Республикасы*
Кыргызстандагы «КРКА, товарна здравил, д.д., Ново место» АК өкүлчүлүгү
720040, Чүй областы, Бишкек ш., Эркиндик бульвары, 71-үй, А блогу
Телефону: + 996 (312) 66 22 50
Эл. почтанын дареги: info.kg@krka.biz

**Кошумча баракча кайра каралып чыккан**

**Башка маалымат булактары**
Бул препарат жөнүндө толук маалыматтар Биримдиктин веб-сайтында (https://eec.eaeunion.org) жеткиликтүү.
Кошумча баракча Биримдиктин бардык тилдеринде Биримдиктин веб-сайтында жеткиликтүү.